| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**БАТКЕН ОБЛУСУ**<br>**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ**<br>**ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ АЙМАК УЧ-КОРГОНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО КЕНЕША** |

**Үч-Коргон айылдык кеңешинин кезектеги IV сессиясы**

**№4/3 ТОКТОМ**

**20-февраль 2025-ж** **Үч-Коргон айылы**

**Үч-Коргон айыл аймагынын Калтак айылындагы стадион куруу үчүн ажыратылган жер аянтын Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алуу жөнүндө**

Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 17-февралындагы Чыгыш №01-05/256 катына жана 2002-жылдын 15-мартындагы Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү” №37 Мыйзамынын 5-беренесине негиз, Үч-Коргон айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Үч-Коргон айыл аймагынын Калтак айылында жайгашкан 2000-жылы стадион куруу үчүн ажратылган 0,67 га жер аянты Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алынсын.

2. Муниципалдык менчикке алынган жерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына таянып, Муниципалдык менчиктеги объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө Типтүү Жобого ылайык мыйзам чегинде иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын айыл өкмөтүнүн башчысы О.М.Шакировго жүктөлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага:** **Б.Бердибеков**